Инв. ~~149~~ 965

Институт языка, литературы и истории
№ 144
190 стр. 1979 г.
Фрунзе

№ ~~965~~
190 стр.
АН СССР Фрунзе

12-Д

Эчтемени билбедим,
Эреним Сейтек, угут эле.
Тоо жайлаган малды алды,
Талуп жаткан жанды алды,
Жылкы баккан эрди алды,
Кенен ачык жерди алды,
Камыщим эчен эрди алды.
Кеминг жетти мына!» деп,
Энтең угуп Эжибай. –
«Эжибай, сенин кебиң, – деп, –
Келген экен Бээжин, – деп, –
Калк дүрбөгөн канаты,
Ар качандан чоң Бээжин,
Чарак баштап чыркыган,
Атадан калган адаты.
Издесе келбес ал душман,
Чабуулга өзү келгени,
Жан койнабай кабылды,
Тилегениң табылды,
Жооң жоолго конуптур,
Жолборсум Сейтек эми атан,
Жорткондо жолук болуптур.
Жоголгон жоо келиптир,
Тилегениң ушу эле,
Тиктегениң бериптир!»
Деп өшөндүт Ак Жолдой,
Кулансур Гулпар ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Эр экени билинип,

Кабар угуп капыздан,
Каткырып күлүп сүйүнүп.
Жоо кийимин кийинип,
Жоо бөрүсү кайран эр,
Ошум десе сүйүнүп,
Чыңоосун учпас кең жайдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
~~Баатыр~~ Баатырлар Сыңыроон тартып жез найдан,
Чыны менен муңайып,
Жолборс Жолой бабабыз,
Жолго кирди авабыз,
Каар салып бүгүнүп,
Көк темирден туулга,
Башы бүргөк чоктолуу,
Жаактыгы октолуу,
Баштан түшүп көрпөскө,
Бары эптелүү билинүү,
Айкаштырып буучусу,
Алкымына түйүлүү.
Оашкан Жолой аваңа,
Ок өтпөс кийим кийинди.
Кулан сүрүн ойнотуп,
Кең Таласты бойлотуп,
Теминип кулдүрлөп,
Алды катуу кара жер,
Токтоо бербей дүкүрлөп,
Толкуну дайра шарындай,
Кайраты бар молундай.

Күрү бийдин Ак Жолтой,
Ал Сейдектин мурасы,
Өзү кыздаан тынары,
Кайран башка күн түшсө,
Кадырман кыргыз журтунун,
Атуу түбүндө турары.
Айкырык салып Ак Жолтой,
Албан түрлүү көрүнүп,
Сан колго таталып жеке өзү,
Кең Таластан бөлүнүп,
Солокоту солбору,
Журттан башка көрүнүп,
Бою узун мунардай,
Жолукпай жоого туралбай,
Бул Ак Жолтой болгону,
Каарын душман чача элек,
Калыңга көккен Таласты,
Каттан бирөө баса элек,
Бет алып бейлеп келе элек,
Пенде балаа дей элек,
Сураганы Таласты,
Сумсайган мушкул жоо келип,
Суу укурук суна элек,
Ак Жолтой, Сейдек болгону,
Бирге жоого кире элек.
Калмактан келген каракчы,
Каттоосун бузуп кыркууга,
Карарып Жолтой жол тартты.
Күндүз жүрбөй түн катып,
Кыргыз журттан бөлүнүп,
Балбандыгы, эрдиги,

Байкаса башка корунчи,
Намызданып акыры,
Унутпай ураан чакырып,
Каарланып кулюнчи,
Кунундай учкан мал эди,
Кулан сурга сүйлөнүп:
«Мен Ак Жолтой болгону,
Ак Жолтой атка конгону,
Алыска сапар минбеген,
Айкырып жоого тийбеген,
Куруч таштап жем берген,
Казакка каалап минсин деп,
Кайып жактан маа келген,
Коркуча колтук кере элек,
Катуу багып жол жүрүп,
Канчалыкты биле элек,
Ай жаныбар Кулан сур,
Өлүм орток жолдошсуң,
Башты жерге саларсың,
Батына арыш аларсың,
Атка камчы бир жолок,
Эсил байка кун түшсө,
Эр кыялы бир болок,
Эми түшөм далаага,
Мал башымдан садага,
Элдин четин чаптырып,
Элиге чыктым, Кулан сур!
Чын айбаным жолдош деп,
Жениге чыктым, Кулан сур!»
Деп ошенчи Ак Жолтой,
Кыйкырына баштады.